**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№1/2025, 191-202

***ТЕОЛОГИЯ***

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_1_17

# ХИБАТУЛЛАХ АТ-ТАРАЗИЙ (АТ-ТҮРКИСТАНИЙ) ЖАНА ИСЛАМ ИШЕНИМ НЕГИЗДЕРИ ТУУРАЛУУ КӨЗ КАРАШТАРЫ

## ХИБАТУЛЛА АТ-ТАРАЗИ И ЕГО ВЗГЛЯДЫ НА ОСНОВЫ ИСЛАМСКОЙ ВЕРЫ

## HIBATULLAH AT-TARAZI AND HIS VIEWS ON THE FOUNDATIONS OF ISLAMIC FAITH

**Галмаматов Атабек Акпаралиевич**
*Галмаматов Атабек Акпаралиевич*
*Galmamatov Atabek*

**PhD, Арашан гуманитардык институту, Ош мамлекеттик университети**
*PhD,* Арашанский гуманитарный институт*, Ошский государственный университет*
*PhD, The Arashan Humanitarian Institute, Osh State University*
atabekg@gmail.com
ORCID: 0000-0002-6653-2910

# ХИБАТУЛЛАХ АТ-ТАРАЗИЙ (АТ-ТҮРКИСТАНИЙ) ЖАНА ИСЛАМ ИШЕНИМ НЕГИЗДЕРИ ТУУРАЛУУ КӨЗ КАРАШТАРЫ

**Аннотация**

Хибатуллах ибн Ахмад ат-Таразий ат-Түркистаний XIII-кылымдын аяк чендери жана XIV-кылымдын биринчи жарымында жашап өткөн ханафий-матуридий мазхабындагы аалымдардын бири. Бирок, тилекке каршы көп таанылбай келген. Келам жана фикх жаатында бир канча эмгектин ээси. Ошол эмгектеринен экөөсү гана азыркы күнгө чейин жетип келген. Алардын бири Шарху Акидатит Тахавий, ал эми экинчиси Табсиратул асрар фи шархил Манар. Хибатуллах ат-Түркистанийди өз учурунда ханафий-матуридий мазхабын окуп-үйрөнүп, аны жайылтууга аракет кылган ислам аалымдарынын катарына кошсок болот. Бул макаланын максаты Хибатуллах ат-Таразийдин өмүр таржымалы жана ислам ишеним негиздери тууралуу көз караштарын жеткирүү.

***Ачкыч сөздөр:*** Хибатуллах, Тараз, Түркистаний, акыйда, Тахавий, ханафий, матуридий

## *ХИБАТУЛЛА АТ-ТАРАЗИ И ЕГО ВЗГЛЯДЫ НА ОСНОВЫ ИСЛАМСКОЙ ВЕРЫ*

**Аннотация**

Хибатуллах ибн Ахмад ат-Таразий ат-Туркестани — один из ученых ханафитско-матуридского мазхаба, живший в конце XIII — первой половине XIV века. Но, к сожалению, не получил широкого признания. Он является обладателем нескольких работ в области калама и фикха. До наших дней сохранились только две из этих книг. Один из них - Шарху Акидатит Тахавий, а другой - Табсиратул Асрар фи Шархил Манар. Хибатуллах ат-Туркестани может быть включен в число исламских ученых, которые изучали ханафитско-матуридитский мазхаб и пытались его распространить. Цель данной статьи — представить историю жизни Хибатуллы Тарази и его взгляды на основы исламской веры.

***Ключевые слова:*** Хибатулла, Тараз, Туркестан, Акида, Тахави, Ханафи, Матуриди

## *HIBATULLAH AT-TARAZI AND HIS VIEWS ON THE FOUNDATIONS OF ISLAMIC FAITH*

**Abstract**

Hibat Allah at-Tarazi at-Turkistani is a Hanafi - Maturidi scholar that lived at the end of 13th century and in the beginning of 14th century. Unfortunately, he could not be more famous. He has some works in Islamic theology and law. Only two of them can reach until today firmly. One of them is the Sharh al-Aqidah at-Tahawi and the other is Tabsirah al-asrar fi sharh al-Manar. Hibatullah at-Turkistani can be included among the Islamic scholars who studied the Hanafi-Maturidi school of thought and tried to spread it. The purpose of this article is to present Hibatullah Tarazi's life story and views on the foundations of Islamic faith.

***Keywords:*** Hibat Allah, Taraz, Turkistan, aqidah, Tahavi, hanafi, maturidi

**Киришүү**

Тарых барактарына көз салсак, Түркистан аймагы калам, фикх, тафсир жана хадис сыяктуу негизги ислам илимдери жаатында бир топ аалым жана көлөмдүү эмгектердин мекени болуп келген. Ислам дүйнөсүндө мусулман аалымдардын көпчүлүгүбир нече багытта илим жакташып, ислам илимдеринин өнүгүүсүнө салым кошуп келишкен. Алардын катарында Хибатуллах ат-Түркистаний да бир канча багытта, өзгөчө акыйда (ишеним) жана ислам укугу сыяктуу ислам илимдери менен алектенип, эмгектерди жазып калтырган.

Калк арасында аты көп аталбай келсе да илим дүйнөсүндө жазган эмгектери менен таанымал Хибатуллах ат-Түркистаний жана анын бүгүнкү күнгө чейин жетип келген *“Шарху Акидатит Тахавий”* жана *“Табсиратул-асрар фи Шархил-Манар”* аттуу эмгектери тууралуу маалымат берүү менен бирге автордун ишенимге байланышкан көз караштарын окурманга жеткирүү негизги максатыбыз катары каралган.

Хибатуллах ат-Түркистаний ислам ааламында акыйда-келам аалымы катары белгилүү болгон. Анын ислам укугу багытындагы ишмердүүлүгү али изилдене элек. Ошондуктан Хибатуллах ат-Түркистанийдин ишмердүүлүгүн бир багыт менен эле чектеп коюу туура эмес. Анын акыйда-келамдан сырткары ислам укугу жана методологиясы багытында да эмгектенгенин көрө алабыз. Түркистанийдин ислам укугу жана методологиясы багытында жазган эмгектеринин изилденүүсү илим чөйрөсүндө казыла элек кен сымал экенин айта кетишибиз керек.

**Өмүр таржымалы жана эмгектери**

Хибатуллах ат-Түркистаний тууралуу маалыматтарды камтыган тарыхый булактарда төрөлгөн жеринен улам Хибатуллах ат-Таразий деп эскерилген жана анын толук ысымынын Хибатуллах ибн Ахмад ибн Муалла ибн Махмуд Шужаъуддин ат-Таразий ат-Түркистаний экени так жазылган (Багдадий, 1955, т.2, б. 506; Зирикли, 1992, т.7, б. 71; Кураший, т.3, б. 566; Лакнавий, 1998, б. 367;). Абдулхай ал-Лакнавий (ө.ж. 1303/1886) жана Ибн Тагрибардийдин (ө.ж.813/1410) эмгектеринде жазылган Хибатуллах ат-Түркистанийдин төрөлгөн жылы тууралуу туура эмес маалыматты эске албаганда (Ибн Тагрибардий, 1992, т.1, б. 43; Лакнавий, 1998, б. 367), башка булактарда анын хижрий 671/1272-жылы Тараз шаарында дүйнөгө келгендиги айтылат. (Зирикли, 1992, т.7, б. 71; Кураший, т.3, б. 566).

Хибатуллах ат-Түркистаний Түркистан аймагында көпкө турган эмес. Илим жолунда сапарга чыгып, Дамаскка (Димашк) келип токтогон. Ал жерде ханафий мазхабынын белгилүү аалымдарынан бири катары атын тарых барактарына жазып калтырган Жалалуддин Умар ибн Мухаммед аль-Хаббазийден (ө.ж. 691\1292) акыйда, келам жана фикх багыттарында сабак алган (Зирикли, 1992, т.7, б. 71; Кураший, т.3, б. 566; Лакнавий, 1998, б. 151, 223). Хибатуллах сабак алган аалымдардын арасынан бизге Хаббазий белгилүү (Өзел, 2013, б. 115-116). Мамлук мамлекети Шам аймагын бийлеп турган учурда Жалалуддин Хаббазий Дамаск шаарындагы Иззийя медресесинде сабак берип жүргөн. Андан соң 674\1275-жылдан тартып өмүрүнүн аягына чейин ошол эле аймактагы Хатунийя медресесинде сабак берүүнү уланткан (Нуъаймий, 1988, б. 504; Кураший, т.2, б. 668; Бебек, 2006, б. 14).

671\1272-жылы төрөлгөн Түркистанийдин Жалалуддин Хаббазий менен Хатунийя медресесинде жолугушканын айтсак жаңылышпайбыз. Абдулкадир аль-Курашийдин (ө.ж.

775\1373) эмгегинде Түркистанийдин “Тажуддин аль-Ашкар” деген лакап ат менен таанымал бир аалымдан да сабак алганы тууралуу айтылат. Бирок, изилдөөлөрдүн натыйжасында тилекке каршы, биографиялык булактардан ал-Ашкар тууралуу маалымат таба албадык жана Курашийдин эмгегинде да ал жөнүндө кеңири маалымат берилген эмес (Кураший, т.3, б. 567; Мавсууату табакатил фукаха, х. 1422, т.14/2, б. 1084).

Хибатуллах ат-Түркистаний Дамаск шаарында окуусун аяктаган соң Египеттин борбору Каир шаарын карай жол тарткан жана ал жердеги Захирийя медресесинде өмүрүнүн акырына чейин сабак берген (Багдадий, 1955, т.2, б. 506; Мавсууату табакатил фукаха, х. 1422, т.14/2, б. 1084). Хибатуллах ат-Түркистаний зилкаъда айынын ону (23-июль) 733\1333-жылы Захирийя медресесинде (Брокелман, 1969, т.3, б. 264; Ибн Кутлубога, 1992, б. 313; Кураший, т.3, б. 566; Мавсууату табакатил фукаха, х. 1422, т.14/2, б. 1084) каза болгон. Түркистанийдин Имам Бадруддин аттуу уулу болгон (Кураший, т.3, б. 566) жана бул тууралуу Курашийдин эмгегинде гана эскерилет. Түркистаний тууралуу изилдөөнүн натыйжасында анын үй-бүлөсү жөнүндө маалымат жокко эсе экенин көрдүк.

Автор тууралуу маалымат берген булактарда анын ханафий-матуридий мазхабынын негизинде эмгектерди жазганы, усул жана арап тилинин грамматикасын жакшы өздөштүргөнү айтылат (Багдадий, 1955, т.2, б. 506; Зирикли, 1992, т.7, б. 71). Хибатуллах ат-Түркистанийдин кайсы мазхапты карманганы анын жазып калтырган эмгектеринде ачык-айкын байкалып турат. Анткени, анын *“Шарху Акидатит Тахавий”* аттуу эмгегинде Абу Ханифа, Имам Мухаммад, Абу Юсуф, Имам Матуридий, Абул Муъин ан-Насафий жана Абу Хафс аль-Газнавий сыяктуу ханафий мазхабынын таанымал аалымдарынын айткан пикирлери көп кездешет. Анын бизге чейин жетип келген эки эмгегине таянып, аны ханафий-матуридий мазхабынын өнүгүп-өсүүсүнө өз салымын кошкон аалымдардын катарына кошсок болот (Түркистаний, Пертевпаша № 650).

Абдулкадир ал-Кураший *Жавахирул-музийя* аттуу эмгегинде Түркистанийге таандык эмгектерди эскерип жатып, аны өзүнүн устазы болгонун айткан (Кураший, т.3, б. 566). Ибн Кутлубога (ө.ж. 879\1474), Катип Челеби (ө.ж. 1067\1657), Зирикли (ө.ж. 1976) сыяктуу көптөгөн табакат[1] китептердин авторлорунун айтымында, Туркистанийдин *Шарху Акидатит Тахавий, Табсиратул асрар фи шархил Манар, ал-Гурар, ал-Маназил, ал-Иршад* жана *ал-Мисал* аттуу эмгектери болгону аныкталган (Кураший, т.3, б. 566-567; Челеби, б. 1824).

Түркистанийге таандык экени тастыкталган *Шарху Акидатит Тахавий* аттуу эмгегинин азыркы күнгө чейин жетип келген эки кол жазма нускасы бар. Ал кол жазмалардын бирөөсү Америка Кошмо Штаттарынын Нью-Жерси штатында жайгашкан Принстон университетиндеги Кол Жазмалар Китепканасында сакталат жана университеттин интернет сайтындагы колдонууга ачык эмгектердин катарына киргизилген.[2] Ал эми экинчи нускасы Түркиядагы Сулейманийе китепканасында Пертевпаша №650дө каттоодо турат (Түркистаний, Пертевпаша №650). Түркистанийдин аталган эмгеги белгилүү ислам аалымы Абу Жафар ат-

[1] Белгилүү бир багытта таанымал болгон адамдардын өмүр таржымалдары баяндалган китептерге берилген ысым.
[2] Türkistânî, Sharh Akaid al-Tahawi, http://pudl.princeton.edu/objects/0r967379t/, (Кайрылган датасы: 03.02.2025)

Тахавийдин азыркы күнгө чейин окутулуп келген *Акидатут Тахавий* аттуу рисаласынын[3] шархы болгон.

Түркистанийге таандык экени тастыкталган, бирок, тилекке каршы, жалгыз кол жазма нускасы бизге чейин жетип келген *Табсиратул асрар фи шархил Манар* деп аталган дагы бир эмгеги бар (Кураший, т.3, б. 567; Челеби, б. 1824). 114 барактан турган жалгыз нуска Сулейманийе китепканасында Айасофия №2190до каттоодо турат.[4] Көптөгөн табакат китептердин авторлору бул китептин Хафизуддин Абу Баракат Абдуллах ибн Ахмад ан-Насафийдин усулул фикх багытында жазган "*Манарул анваар"* аттуу эмгегинин шархы экенин айтышкан (Багдадий, 1955, т.2, б. 506; Зирикли, 1992, т.7, б. 71; Кураший, т.3, б. 566; Лакнавий, 1998, б. 367;). Бирок, Сулейманийе китепканасында каттоодо турган кол жазма нусканын сыртындагы "*Китабун ли Хибатиллах фи илмил-Калам"* деген жазуу китептин авторго таандык экенин көрсөтүп турса,*"Китабут-табсира фи усулид-Дин ала мазхабил-имам Аби Ханифа (р.а.)"* деген жазуу жана кол жазманын ички мазмуну анын, *Манарул анваар* китебине жазылган шарх эмес экенин далилдеп турат.[5] Ошондой эле кол жазманын ичиндеги темаларды алып караганыбызда, илим, ааламдын жаратылуусу, ысым жана мусамма, субутий сыпаттардын далили, ирада, таквин жана мукавван, иститаат, пенденин кыймылдарынын жаратылуусу, ажал, ырыскы жана пайгамбарлыктын далилденүүсү сыяктуу келам илиминин негизги темаларын камтыганын көрдүк.[6] Натыйжада ал эмгекти келам илимине таандык деп айта алабыз.

*Табсиратул асрар фи шархил Манар* жана *Шарху Акидатит Тахавий*дин мазмунундагы темаларды салыштырып караганыбызда, Алланын сыпаттары, адамдардын кыймылдары, ирада жана иститаат сыяктуу маселелерде экөөндө тең окшош түшүндүрмөлөрдүн берилиши жана маселени талкуулоо усулунун бири-бирине жакындыгы, эки китептин бир авторго таандык экенине ишарат кылат.[7]

Жогоруда аты аталган эки маанилүү эмгектен башка да бир канча эмгеги болгону менен алардын эч бири азыркы күнгө чейин жетип келген эмес. Кураший берген маалыматта авторго таандык *ал-Гурар, ал-Маназил жана ал-Иршад* деген китептер да болгон (Кураший, т.3, б. 567; Челеби, т.1, б. 70, т.2. б. 1143, 1201, 1824, 1826, 1827, 1845). Катип Челеби өзүнүн эмгегинде *ал-Маназил* жана *Маназилу ахлил ижтихад* деген эки китептин атын атап, алардын Хибатуллах ат-Түркистанийге таандык экенин айтса да, башка табакат китептерде бир гана *ал-Маназил*дин аты аталгандыктан экөө бир эле эмгек болушу ыктымал деген күмөн ой жаралат (Челеби, т.2. б. 1827, 1845). Ал эми Курашийде жана башка табакат китептерде кыскача *ал-Иршад* деген ат менен берилген эмгектин Абдулкахир ал-Багдадинин китебинде *ал-Иршад фил фуруъ* деп толук аты берилген (Багдадий, 1955, т.2, б. 507). Жыйынтыктап айтканда, *Маназилу ахлил ижтихад* жана *ал-Иршад фил фуру* сыяктуу китептеринен улам Түркистанийдин фикх илиминде да терең түшүнүгү болгонун көрөбүз.

[3] Рисала – Ислам динине байланыштуу белгилүү бир багытта жазылган кыска жана нуска китепчелерге берилген ысым.
[4]Түркистаний, *Табсиратул асрар фи шархил Манар,* Сулеймание китепканасы, Айясофия 2190.
[5]Түркистаний, Сулеймание китепканасы, Айясофия 2190, сырты.
[6]Түркистаний, Сулеймание китепканасы, Айясофия 2190, б. 2-113.
[7]Түркистаний, Сулеймание китепканасы, Айясофия 2190, б. 41b, 56b, 57a, 57b.

## Ислам ишеним негиздери тууралуу көз караштары

Хибатуллах ат-Түркистаний ат-Таразинин ислам ишенимдери тууралуу негизги көз караштарын анын *“Шарху Акидатит-Тахави”* жана *“Табсиратул асрар фи Шархил Манар”* аттуу эмгегинин негизинде талдайбыз.

***Тавхид ишеними***

Таразий Алланын жалгыздыгына ишенүүдө шек-күмөн камтыбаган, анык жана так ишеним болушу шарт экенин айтат. Алланын бир экенине ишенүү Анын хидаяты (туура жолго салуусу) менен гана ишке ашат. Ал эми, ыйман келтирүү жүрөк менен тастык аркылуу болот. Пайгамбарлардын ар бири бизге тавхид ишенимин жеткирүү үчүн жиберилишкен. Ал эми ыймандын терси, тагыраак айтканда, кандай болбосун ширктин бардык түрү каапырдыктын белгиси болуп саналат. Таразинин айтымында, Алланын затында, улуулугунда жана сыпаттарында ширк деп үчкө бөлүнөт. Биринчиси отпарастардын ишеними. Алар ааламдын эки жаратуучусу бар деп айтышат. Жакшылыктын жана жамандыктын жаратуучулары. Экинчиси, бир Жаратуучуга да буттарга да сыйынган арап мушриктери. Үчүнчүсү, Алланы макулуктарга окшоштурган иудейлердин ишеними. Өзгөчө, сыпаттар маселесинде адам баласы менен окшотушат (Түркистаний, б. 5-6). Албетте, автор бул пикирлерин Куран аяттарынын негизинде далилдеп, көрсөтүп берген (Кураны Карим, 42/11; 6/19; 43/45).

***Алла Тааланы кемчиликтерден аруулоо***

***“Алла Тааланын барлыгынын башталышы жок.”*** Текстте башталышы жок деп айтуу менен Алладан башканын баарынын белгилүү бир учурдан кийин жоктон жаратылганына жана бир гана Алла эзелки зат экенине басым жасалган. Чындыгында “кадим/эзелки” деген термин Куран менен сүннөттө ачык-айкын Алланын ысымы катары айтылбаса да келам аалымдарынын бир пикирге келүүсүнүн (ижмасынын) натыйжасында “башталышы жок” деп айтылып келет. Таразий, негизги далилдердин бири катары келам илиминде акылдын орду чоң экенин баса белгилеп кеткен.

Имам Матуридий жана Имам Газнавийдин далилдерине таянуу менен бейиште Алланын көрүнүүсү (руъятуллах) маселесинде мутазила мазхабын катуу сынга алган. Алла Таала да зат болгондуктан, ар бир заттын көрүнүүсү логиканын эрежелерине туура келет жана мүмкүн нерсе деп айтат. Бирок, кандай абалда жана кантип көрүнүшү жөнүндө эч бир нерсе айтылбайт. Демек, Алланын көрүнүшү бейишке кирген момундарга гана мүмкүн дейт (Түркистаний, б. 12).

***“Ал Тирүү жана эч качан өлбөйт”*** деген сөзү менен төмөнкү маселелерге токтолот. Кыймыл-аракет заттын күчү-кудурети бар экенине ишарат кылат. Демек, аткаруучу зат жансыз эмес, Ал Тирүү (Хайй). Ал эч нерсеге муктаж эмес жана муктаж болбой туруп бүтүндөй ааламды жараткан (Түркистаний, б. 14-16; Кураны Карим, 50/15). Ал макулуктардын баарын жоктон жараткан, кыяматтан кийин да кайра жаратуучу, тирилтүүчү. Анын бардык ысымдары жана сыпаттары эзелки жана түбөлүктүү. Алла Таала ааламды жаратпастан мурда да Куран жана хадистерде баяндалган ысым жана сыпаттарынын ээси эле (Түркистаний, б. 18).

***Алланын каалоосу, ирада жана касб***

Алланын каалоосун адамдын каалоосу менен окшоштуруу мүмкүн эмес. Ошондуктан Алланын каалоосунда эч кандай инсандын напсисине тиешелүү же ошол сымал каалоо, арзуу, суктануу деген өзгөчөлүктөр жок (Түркистаний, б. 24). Ааламдагы ар бир нерсе Анын каалоосу жана буйругу менен гана ишке ашат, болот. Адамдын каалоо тилектери да Алланын каалоосуна байланыштуу албетте. Анткени пенденин каалоосу Алланын каалоосу болмоюн ишке ашпайт. Алла таала уруксат бермейин, пенденин эч бир иши орундалбайт (Түркистаний, б. 25). Ошондуктан ар бир иште “кудай буюрса”, “кудай кааласа” деген сыяктуу сөздөр эл оозунда айтылып келет.

***Салах жана Аслах (Жакшы жана эң жакшысы)***

Алла таала адилеттүү зат. Ал пенделердин ар биринин каалоосун эң жакшы, эң мыкты деңгээлде аткара алуу кудуретине ээ. Бирок, пенденин каалоосу ар убак орундала бербейт. Анын адилеттүүлүгүн адамдын акылынын деңгээли менен ченеп өлчөө мүмкүн эмес. Ошондуктан, эң жакшысын же болбосо татыктуусун Алла билет деп айтуу туура болот. Пенде өзү үчүн кайсы нерсе пайдалуу же жакшы экенин биле албайт. Аны Алла гана билет (Түркистаний, б. 26; Topaloğlu жана Çelebi, 2013, б. 31).

***Хидаят жана далалат (адашуу)***

Хидаят (туура жол) жана далалат (туура жолдон адашуу) маселесинде Абул Муъийн ан-Насафийден мисал келтирүү менен (Насафий, 2011, т.2, б. 983-984) Ахли сүннөттүн пикирин баяндап кеткен. Натыйжада, пенде туура жолго түшсө да, туура жолдон адашса да анын кыймылдарын жараткан Алла Тааладан башкасы эмес (Түркистаний, б. 26-29).

***Ыйман жана ислам***

“Ыйман – тил менен кайталап, жүрөк менен тастыктоо”. Таразийдин пикиринде тил менен икрар (кайталоо) толук мааниде ыйман болуп саналбайт. Анткени Куранда **“чындыгында ишенбесе да Аллага жана акырет күнүнө ишендик деп айткандар бар”** деген мааниде аяттар келген. Ошол себептен улам чыныгы ыйман жүрөктө тастыкталган нерсе (Түркистаний, б. 68). Ал эми икрар, адамга мусулманча мамиле кылуу үчүн жана коомдогу орду белгилүү болсун деген максатта шарт кошулган. Таразийдин айтымында ыйман менен ислам бир эле нерсе. Далил катары Курандын Бакара сүрөсүнүн 136-аятын мисал келтирет (Түркистаний, б. 41, 44; Кураны Карим, 2/136).

***Пайгамбарлык***

Мухаммед пайгамбар инсандарга да жиндерге да пайгамбарлык кылган. Ал пайгамбарлардын акыркысы жана андан кийин кыяматка чейин эч бир пайгамбар келбейт (Түркистаний, б. 33; Кураны Карим, 72/1,2). Ким андан кийин өзүн пайгамбармын деп айтса, ал жалганчы болот (Түркистаний, б. 32-33). Ошондой эле, пайгамбардын өзгөчөлүктөрүн жана анын акыретте да үммөтүнө шапаатчы болорун айтат (Түркистаний, б. 33).

Жараткан Алла пайгамбарлардын баарына өз аты менен, “Эй Нух! Эй Муса! ж.б.” деп кайрылган болсо, пайгамбарыбыз Мухаммедке (с.а.в.) “Эй Расул! Эй Набий” – деп кайрылган (Түркистаний, б. 33). Пайгамбарлар Алла тарабынан атайын тандалган пенделер жана аларга вахий аркылуу келген кабарды өзгөртүүсүз элге жеткирүү (таблиг) менен

милдеттендирилишкен. Алар күнөөсүз, адашуудан, фитналардан жана бузукулуктан алыс болушкан.

***Китептерге ыйман келтирүү***

Көктөн жиберилген (самавий) китептердин ар бири Алла тарабынан пайгамбарларга жиберилген ыйык китептер болуп саналат. Алардын Алланын сөзү экенине ишенебиз жана периште Жабраил алып келген деп билебиз. Периште да пайгамбар да эч бир кошумча же алымчасыз жана эч кандай бурмаланбаган абалда келген ыйык китепти адамдарга жеткирген (Түркистаний, б. 60). Куран пайгамбар тарабынан илхам аркылуу жазылган китеп эмес (Кураны Карим, 26/192-195).

***Келамуллах (Алланын сөзү)***

Тарazийдин айтымында Курандын Алланын сөзү экенине наклий, аклий жана ижма далилдери бар (Кураны Карим, 9/6). Бирок, Куран пайгамбар тарабынан жазылган деп китепке ишенбегендер катуу тирешип келишет. Келам – Алла Тааланын сыпаттарынан бири. Анын ар бир сыпатынын кемчиликсиз болушу, ошол эле учурда сыпаттарынын эзелки болушу менен тыгыз байланышта. Тактап айтканда, Алла Тааланын сүйлөө сыпаты Анын башка сыпаттарындай эле эзелки жана кемчиликсиз (Түркистаний, б. 36). "Куран Алланын сөзү. Бирок, кандай экени бизге маалым эмес", - деп Таразий Алланын келам сыпатын жаратылган деп айтуунун туура эмес экенин жана анын кандай экенин (адамдын сөзү, үнү сыяктуубу же башкачабы) билүү да биз үчүн мүмкүн эместигин айткысы келген (Түркистаний, б. 37-38).

***Алла Тааланын (бейиште) көрүнүшү***

Чындыгында Алланы бир мейкиндик же убакытка сыйдыруу мүмкүн эмес. Ошондуктан бул ааламда Алланы көрүү мүмкүн болбосо да акыретте көрүү мүмкүн. Анткени бул эмгекте айтылган "ихата жана кайфият" терминдери бул ааламга тиешелүү түшүнүктөр. Акыретте көрүү мүмкүндүгүн Таразий төмөнкү аят менен далил көрсөтөт: **"Кээ бир жүздөр ошол күнү албырып, Эгесине карашат" (**Кураны Карим, 75/22-23**)**. Бул аят аркылуу мутазила мазхабынын көз карашына каршы пикирин да билдирип кеткен (Түркистаний, б. 39). Ошондой эле зат жана сыпат маселесине жана үч өлчөмдүү ар бир заттын алты тарабы тууралуу да түшүндүрмө берип кеткен (Түркистаний, б. 41-46).

***Мираж жана Исра (Мухаммед пайгамбардын мужизалары)***

Таразийдин бул маселе тууралуу пикири төмөнкүчө: "Соода жолунда бараткан кербен эки айда басып өтө турган аралыкты бир түндө басып өтүп Акса мечитине (Масжидул Акса) барышы Мухаммед пайгамбардын мужизасы болуп саналат. Бул окуя Куран аяттары менен тастыкталгандыктан аны четке кагуу динден чыгууга алып келет (Түркистаний, б. 49; Кураны Карим, 17/1).

Ал эми "мираж" (пайгамбардын көккө көтөрлүүсү) окуясына келе турган болсок, Мухаммед пайгамбар өз денеси менен көккө чейин көтөрүлгөн деп айтат. Муну акыл менен далилдесе болот. Асманда тонналаган сууну ташып жүргөн булуттарды эч бир нерсеге көтөртпөстөн калкытып койгон Алланын кудурети бардык нерсеге жетет (Түркистаний, б. 49). Айрыкча, "ал-Амин" деген атка конгон Азирети пайгамбардан келген кабарлардын ар бирине күмөнсүз ишенүү керек болгон мусулмандар үчүн мираж окуясын четке кагуу же аны өңүндө

эмес, түшүндө болгон окуя катары жоромолдоо жолдон адашууга алып келет деп жазат (Түркистаний, б. 49).

***Кавсар жана шапаат маселеси***

Акыретте, махшар майданында Алла Таала тарабынан Мухаммед пайгамбарга берилген Кавсар көлү жана шапаат (ортомчулук) кылуу укугунун берилгени акыйкат. Темага байланыштуу төмөнкү хадис мисал келтирилген: ***"(Кавсар) көлүмдүн аянты (Йемендин) Сана шаары менен Айланын аралыгынча. Эшиктеринин саны көктөгү жылдыздарча"*** (Түркистаний, б. 50; Бухарий, Рикак, 53) Ал эми шапаат тууралуу Куран жана сүннөттө көптөгөн далилдердин бар экени айтылат (Кураны Карим, 3/159). Жадагалса, чоң күнөө кылгандарга да шапаат бар экени айтылган (Кураны Карим, 21/28). Бирок, албетте Алла Тааланын уруксаты менен гана пайгамбарга шапаат кылуу укугу берилет (Кураны Карим, 2/255). **"**Шапаатты четке кагуу туура болбойт. Акырет күнү шапаат болооруна күмөн жок", – деп жазат. (Түркистаний, б. 50-51).

***Ал-Мийсак***

**"Кыямат күнү: Мындан кабарыбыз жок болгон, - деп айтпооңор үчүн Эгең Адамдын перзенттеринин белинен өздөрүнүн урук-тукумун чыгарып, анан: Мен силердин Эгеңер эмесминби? (деди). Алар: Ооба, Сен биздин Эгебиз экениңе күбөлүк бердик, - дешти"** (Кураны Карим, 7/172). Таразийдин бул маселеде Абу Ханифа жана Имам Матуридийдин көз карашына толук кандуу колдогонун айтсак болот (Түркистаний, б. 51).

***Тагдыр***

Алла Таала эзелки илим сыпаты менен ааламдагы ар бир нерседен кабардар жана ар бир нерсенин өтмүшү, учуру жана келечегин ар тараптуу билүүчү Зат. Анын илими кемчиликсиз. Алла Таала чексиз илими жана кудурети менен бүтүндөй ааламды, андагы бардык жандуу-жансыз заттарды белгилүү тартипте жана өлчөмдө жаратып, табият мыйзамдарын орнотуп койгон. Тагыраак айтканда, тагдыр - ааламда боло турган нерселердин убактысын, жерин жана сапаттарын Алла Тааланын эзелтен билиши жана "Лавху Махфузга"[8] жазып коюшу дегенди билдирет (Түркистаний, б. 52). Бул темада Таразий ахли сүннөттүн акыйдасын мутазила жана кадарийя сыяктуу тагдырды четке каккан, тагыраак айтканда адам өз кыймыл-аракетин өзү жаратат деген мазхаптарга каршы коргогон. Натыйжада тагдыр маселесин "Алланын сыры" дейт жана буга далил катары Куран аяттарынан мисалдарды келтирет (Кураны Карим, 27/65; 72/26-27).

Ааламдагы ар бир нерсе, окуя жана башка ойго келген, келе турган нерселердин баарын ичине камтыган, жазылган китеп деген мааниге келген "Лавху махфуз" (Topaloğlu ve Çelebi, s. 197) тууралуу Буруж сүрөсүнөн мисал келтирет (Кураны Карим, 85/21-22; 36/12; Түркистаний, б. 55-56).

[8] "Үстүнө жазууга ыңгайлуу, аны өчүрүү же жок кылуу мүмкүн болбогон түздүк, тегиз нерсе" деген маанини түшүндүрүп, терминологиядагы мааниси "бүтүндөй нерселер жана окуялар жөнүндө Теңирдин илими жана тагдырынын негизинде жазылган, корголгон китеп" дегенди билдирет. "Лавхул-махфуз" деген ат менен Куранда бир гана сүрөдө өтөт (Буруж, 85/21-22). Ушул мааниде синоним сөздөр да колдонулган; "китаб, китабул-мубин, китабул-макнун, китабул-мастур жана уммул-китаб" сыяктуу. Хадистерде болсо, лавхул-махфуз дегендин ордуна көбүнесе "китаб" сөзү колдонулган.

***Арш жана Курсий***

Таразийдин айтымында Алла Таала Куранда арш жана курсий тууралуу алардын кандай сыпатта экенине токтолгон эмес (Кураны Карим, 40/7; 9/129; 39/75). Бирок, алардын бар жана жаратылган экенинде күмөн жок деп айтат. Темага байланыштуу ар кандай көз караш билдиргендер болуп келген. Ошентсе да, Таразийдин көз карашында Куран жана сүннөттө өткөн ар бир нерсени “таъвил” (жоромолдоо, болжолдоо) кылуу шарт эмес. Ушул сыяктуу маселелерде кээде анын бар экенин билүү жана ага ынануу жетиштүү деп эсептейт (Түркистаний, б. 58).

***Периштелерге ыйман келтирүү***

Периштелерге ыйман келтирүү, алардын руханий макулуктар экенине, өтө тез кыймылдап, ар кандай формаларга кире ала турган жана өзгөчө, алардын Алланын гана буйруктарына баш ийип, Анын айтканын гана аткарган жандыктар экенине ынануу жана чын жүрөктөн тастыктоо болуп саналат. Периштелер адамдар же жиндер сыяктуу эмес. Алардын курсагы ачпайт, чарчабайт, үйлөнүп же турмуш курбайт, балалуу-чакалуу болушпайт жана биз сыяктуу эркек-аял болуп жыныска бөлүнүшпөйт (Кураны Карим, 2/285).

***Кабыр азабы жана сурагы***

Таразий кабыр азабы тууралуу мутаватир хадистердин бар экенин айтуу менен, аны четке каккан кишилерге төмөнкү Куран аяты менен жооп берген: “**Алар: “Оо, биз куруп калалык! Бизди жаткан жерибизден ким тургузду Бул – Мээримдүү убада кылынган нерсе жана элчилер чындыкты айтышкан экен” – дешет**” (Кураны Карим, 36/52)

Анын айтымына караганда кабырда Мункар Накр периштелери тарабынан суракка тартылаарыбыз анык (Кураны Карим, 14/27). Бирок, канткенде да кабыр азабынын кандай экени тууралуу бир нерсе деп кесе айта албайбыз. Анткени көз менен көрбөгөн нерсени адам акылы толук түшүнө бербейт (Түркистаний, б. 81).

***Өлүмдөн кийин кайра тирилүү жана Сурак күнү***

Ар бир өлгөн жан кыяматта кайра тирилтилет. Адам жаралгандан тартып эле келген пайгамбарлардын баары акыретке ыйманга үндөп, өлүмдөн кийин да кайра жашоо жана бул дүйнөнүн сурагы бар экенин айтып келишкен (Түркистаний, б. 82). Бул дүйнө амал кылуу үчүн, акырет болсо, амалдардын үзүрүн көрүү үчүн жаратылган дүйнө (Түркистаний, б. 82).

***Чоң күнөө кылган адамдын абалы***

Чоң күнөө кылуу пендени ыймандан чыгарбайт жана дароо каапырлардын катарына кошпойт. Алла Таала Өзүнө шерик кошконду кечирбейт. Ширктен башка чоң-кичине күнөөлөрдү, эгер кааласа, баарын кечире алат. Кичине күнөөлөр үчүн (деңгээлине жараша) жаза алышы мүмкүн. Ал эми чоң күнөөлөрдү, эгерде пенде кылган күнөөсүн адал деп санабаса, аны да кечириши мүмкүн. Анткени, күнөөнү адалдыка чыгаруу каапырдыкты алып келет (Түркистаний, б. 65-66).

***Бейиш жана тозок***

Бейиш менен тозок ушул тапта бар, Алла тарабынан жаратылган жана алар эч качан жок болуп кетпейт. Аларга кирген пенделери менен бирге түбөлүк калышат. Далил катары төмөнкү аятты келтирген: **“Акыйкатта, ыйман келтирип – Аллахка ишенгендер жана**

**жакшылык иштерди кылгандар, алар – адамдардын эң жакшысы. Аларга өздөрүнүн Эгеси тарабынан төмөн жактарында дарыялар агып турган бейиш бактары түбөлүккө сыйлык үчүн берилет. Аллах аларга ыраазы болот жана алар да Аллахка ыраазы болушат. Бул – өз Эгесинен корккон такыбалар үчүн гана”** (Кураны Карим, 98/7-8). Бейиш такыбалар үчүн, ал эми тозок каапырлар үчүн даярдалган. Ким кайсы бирине татыктуу болсо, ошого кирет деп, негизги ислам ишенимдери тууралуу маселелерде өз пикирин жыйынтыктайт. (Түркистаний, б. 85)

**Колдонулган адабияттар**


1. Bebek A. (2006), *Habbâzî: Kelâmî Görüşleri ve el-Hâdî Adlı eseri.* İstanbul: Marmara Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Vakfı Yayınları.
2. Özel A. (2013). *Hanefî fıkıh âlimleri.* Türkiye Diyanet Vakfı, Ankara: TDV Yayınları.
3. Topaloğlu B., Çelebi İ. (2013). *Kelâm Terimleri Sözlüğü.* İstanbul: İSAM Yayınları.
4. Türkistânî, Sharh Akaid al-Tahawi. http://pudl.princeton.edu/objects/0r967379t/, (03.02.2025)
5. Багдадий И.П. (1955). *Хадийятул аарифиин асаaул муаллифийн ва аасаарул мусаннифийн,* Т. 2. Стамбул.
6. Брокелман К. (1969). *Тарихул Адабил Арабий (GAL),* (котор. Абдулхалим ан-Нажжар). Т. 3. Каир: Дарул Маариф.
7. Зирикли Х. (1992). *ал-Аълам: Камусу тараажими ан ашхарии рижаал ван нисаа минал араби вал мустаърабиина вал мусташрикиин,* Т. 8. Бейрут: Дарул илм лил-малаайиин.
8. Ибн Кутлубога З.К. (1992) *Таажут тараажийм.* (тахк. Мухаммад Хайр Рамазан Юсуф), Дамаск.
9. Ибн Тагрибардий. (1984). *ал-Манхалус Сафий вал муставфий баъдал Ваафий,* (ред. Мухаммед Амин) Т. 12. Каир: ал-Хайатул Мисриййатул Аамме лил-Китаб.
10. Кеххале Ө.Р. (1994). *Муъжамул муаллифийн,* Т.12. Анкара: Муассатур-Рисала.
11. Кураший А.И.М. *ал-Жавахирул музиййа фи табакатил ханафиййа.* (ред. Абдулфаттах Мухаммад ал-Хулв), Т. 3. Каир.
12. Лакнавий А.И.М. (1998). *ал-Фаваидул бахиййа фи тараажимил ханафиййа. (*ред. Ахмад Заъбий) Бейрут.
13. *Мавсууату табакатил фукаха.* (х.1422) (даяр. Муассасатул имам ас-Садык) Т. 14/2. Кум
14. Насафий А. (2011). *Табсиратул-адилла фи усулуд-Дин.* Т. 2. Каир: Ал-Мактабатул-Азхарийя лит-Турас.
15. Нуъаймий. (1988). *ад-Дарис фи тарихил мадаарис.* Т.1. Мактабатус-Сакафати Диниййа.
16. Сурайрий А.Т.М. (2002). *Муъжамул усуулиййин.* Бейрут.

17. Түркистаний Х.А. *Табсиратул асрар фи шархил Манар.* (кол жазма) Сулеймание китепканасы. Айясофия 2190.
18. Түркистаний Х.А. *Шарху Акидатит Тахавий.* (кол жазма) Сулеймание китепканасы. Пертевпаша 650.
19. Челеби, К., Кашфуз Зунуун, Бейрут: Дару Ихйаи ат-Турас ал-Арабий.